
# Майрам алдындагы окуялар




Автору: Ламис Эль-Эшли

Сүрөтчү: Илинора Марта Таева

Которгон жана адаптациялаган: Талантбек Шабиев

# Майрам алдындагы окуялар

Автору: Ламис Эль-Эшли
Сүрөтчү: Илинора Марта Таева
Которгон жана адаптациялаган: Талантбек Шабиев

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно албайсыз. Бул чыгарманы адаптациялап жана толуктоолорду киргизсеңиз болот, бирок өзүңүздүн вариантты ушул же ушул сыяктуу лицензия боюнча гана тарката аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Before the Festival Ends* түп нусканын негизинде, Copyright © Asafeer Education Technologies FZ LLC, 2018. CC BY-NC-SA 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан.
"Майрам алдындагы окуялар" (кыргыз тилинде), Талантбек Шабиев которгон жана адаптациялаган. Before the Festival Ends (англисче) чыгарманын негизинде, автор Lamis Al-Asaly, сүрөтчү Ilinora Martha Taeva. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://digitallibrary.io/en/books/details/1388

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Мэри курбусунун туулган күнүнө жаңы көйнөк кийип баргысы келди.



Бирок апасы ага көйнөк алып берген жок. Мэри үйгө көңүлсүз кайтты.



− Анда эмесе, мен ажайып сулуу кыз жөнүндө чыгарма жазамын!

− Мен ал кызга жарым саат сайын жаңы көйнөк кийгизем!



Саша эрте ойгонуп, жакшы көргөн көйнөгүн кийип жаз майрамына жөнөдү. Бирок жолдогу балчыктан ал тайгаланып кетти. Көйнөгү да, бети-башы да булганды.



Мэрини кимдир бирөө чакырды.

− Бул ким?

− Бул мен, Сашамын! − деген үндү укту.



− Сен кантип аңгемеден чыгып келдиң? – Мэри көргөн көзүнө ишенбей турду.

− Сен көйнөгүмдү булгап салдың эле, майрамга кечигип жатам! – деди Саша.



− Кам санаба, сага жаңы көйнөк кийгизем,− деди Мэри.

− Мен башканы кийгим келбейт! Окуяны тезинен өзгөрткүн, мен майрамга үлгүрүшүм керек, − деди Саша.



− Макул!

Мэри жылмайып аңгемени андан ары улады...



Саша кийимин алмаштырып, көйнөгүн сууга чылап жууп жатты. Бирок көйнөк кир бойдон кала берди.




Саша аңгемеден чыга келди.

− Сен эмнеге келдиң? Дептерди суу кылган жоксуңбу?

− Окуяны тезирээк өзгөрткүн, мен майрамга үлгүрбөй калам.

− Башкасын кийип бара бер, − деди Мэри. Ал эриндерин кымтып, кабагын түйүп аңгемесин улантты.



Саша сууну ысытып, кир жуугуч жыгач машинага бир аз самын кошуп, көйнөгүн салды. Машинанын бурагычын тегеретип, көйнөгүн жууп жатты.



Эки сааттан кийин ал көйнөгүн кермеге жайды.

Бир маалда жаан жаап, көйнөк кайрадан суу болду...



Көңүлү чөккөн Саша кайрадан аңгемеден чыга келди.

− Мен жыгач тутканы тегерете берип, колум талыды, чарчадым!

− Убараланып жууган көйнөгүм кургайын деп калганда, сен жаан жаадырдың!

А мен майрамга баргым келип жатат!

− Башка көйнөктү кийип бара бергин, − деп Мэри кабагын бүркөдү.



− Мен бул көйнөктү киерим анык болгондо гана аңгемеге барам, − деди Саша. Мэри үшкүргөндө, Саша аз жерден учуп кете жаздады. Мэри аңгемесин кайрадан улады.



Саша булганган көйнөгүн автомат кир жуугуч машинасына салып иштетип койду. Машине кирди жууп, кургагыча күтүп отурду.



Ал убакта Саша тамактанып алды. Акыры көйнөгүн кийип, майрамда бий бийлеп, көңүл ачып жатты.



Оюн көрсөтүп жаткан маскарапоз күтүлбөгөн жерден колундагы пирожныйды анын көйнөгүнө түшүрүп жиберди.



Сашанын бети-башы кызарып, ачууланып, аңгемеден чыгып келди.

− Эми мен эмне кылышым керек, азыр сүрөткө түшмөкпүз да?

− Майрам аяктаганга чейин, тезинен бир нерсе ойлоп тапкын! – деди Саша.

− Менде бир ой бар, кам санаба, − деп жооп берди Мэри.



− Башка көйнөк киймейм! − деп Саша кесе айтты.

− Сен жаңы көйнөк киймейинче, аңгемени бүтүрбөйм, − деп Мэри дагы көк беттенди.



Мэри Сашанын аңгемеге келүүсүн күтүп жатты, бирок ал келген жок. Ал тамак жеп, ойноп, уктап, кайрадан ойгонгондо да Саша отурган ордунан жылбаганы аны таң калтырды.



Мэри Сашага эңкейип:

− Сен эмне үчүн ушул эле көйнөктү кийгиң келет?

− Мен сага кызыл, ак роза, жылдызы бар татынакай көйнөк берем, − деди.



– Анна менен Мики эсиңдеби?

– Сен мурдагы чыгармадагы кыздарды айтып жатасыңбы?

– Ооба. Алардын көйнөктөрү эски, жыртык болчу. А мага бир эле жакшы көйнөк жетишет.



− Сенин көйнөгүңдү булгабайм, Анна менен Микиге жаңы көйнөк тартып берем, − деп Мэри Сашага сөз берди.



Саша андан кийин дагы өз оюнан баш тарткан жок.

Бирок ашыкча жеген таттуу, ичкен ширелер анын кускусун келтирди.

Саша өзүн начар сезгендиктен, аңгемеге көңүл бурбай отура берди.

Мери андан ары жазуусун улантты...



Саша үйүнө келип, атасы сатып алган тепме кир жуугуч машинени көрдү.

− Демек, бир аз көнүгүүлөрдү жасап, акчаны да үнөмдөсө болчудай, − деп ойлоду Саша.



Жарым сааттын ичинде анын көйнөгү даяр болду. Мэри кайрадан майрамга келип, достору менен сүрөткө түштү.



Мэри аңгемени аяктагандан кийин ойлонуп:

− Анна менен Микиге жаңы көйнөктөрдү берерде, бир нерсе жасашым керек,

− деди ал.

Жерде жаткан көйнөктөрүн шкафка илип, бир нечесин сумкасына салып, сыртка чыкты...





USAID
ОТ АМЕРИКАНСКОГО НАРОДА

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Автору: Ламис Эль-Эшли
Сүрөтчү: Илинора Марта Таева
Которгон жана адаптациялаган: Талантбек Шабиев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли